Тиркеме №13

«Макулдашылды»

Ак-Суу райондук билим

берүү бөлүмүнүн башчысы:

_________ М.У.Темиралиев

Каттоо № 16

«Бекитемин»

У.Мурзакматов атындагы орто

мектебинин директору:

_________ М.Ж.Карымшаков

# Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл областынын Ак-Суу районуна караштуу У.Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинин 2018-2019-окуу жылына карата түзүлгөн

# Окуу планы

Шапак айылы

**Ак-Суу районуна караштуу Усуп Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинин 2018-2019-окуу жылы үчүн түзүлгөн Базистик окуу планына**

# Түшүндүрмө кат

2018-2019-окуу жылына карата базистик окуу планы Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 "Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө" Токтомуна ылайык иштелип чыкты.

Базистик окуу планы Мамлекеттик билим берүү окуу стандартына ылайык билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле окуу материалын өздөштүрүү үчүн талап кылынган ишмердүүлүктүн түрлөрү жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн төмөндөгүдөй көлөмдөгү жылдык, жумалык, ошондой эле чектелген көлөмүн аныктайт.

Мамлекеттик компонент окуу планынын базалык бөлүгүн түзөт жана Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин камсыз кылат, ведомстволук таандыктыгына карабастан бардык типтеги жана түрдөгү жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн милдеттүү жана өзгөртүү киргизүүгө болбойт. Мамлекеттик компонент окуучулардын базалык деңгээлдеги жалпы билим берүүчү сабактар боюнча билим алуусуна кепилдик берет, активдүү турмуштук көз карашы бар инсанды калыптандыруу, өнүктүрүү үчүн аларды улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга кызыктырат.

I баскычтагы Базистик окуу планы (1–4-класстар) баштапкы жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын (предметтерди) өздөштүрүү 4 жылдык ченемдик мөөнөткө эсептелген.

II баскычтагы Базистик окуу планы (5–9-класстар) негизги жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын (предметтерди) өздөштүрүү 5 жылдык ченемдик мөөнөткө эсептелген.

Эрте курактагы мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдар, алардын мектепте окууга психологиялык-педагогикалык даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу үчүн жана андан ары социалдык жактан адаптацияланышынын алдын алуу максатында 480 сааттык "Наристе" программасы боюнча окутулат.

Министрлик тарабынан Мамлекеттик билим берүү стандартынын (2014-жыл) иш-чараларды ишке ашыруу боюнча планына ылайык Базистик окуу планын этап-этабы оптималдаштыруу иштери менен жүргүзүлүп жаткандыгын эске алуу менен, предметтик стандарттар, окуу программалар окуучулардын негизги жана окуу компетенттүүлүктөрүн өздөштүрүүсүнө багытталып, 2018-2019-окуу жылына карата Базистик окуу планына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди.

1. 5-6-класстардын окуучулары жаңы предметтик стандарттар жаңы окуу программалар жана окуу-методикалык комплекстер боюнча билим алышат.
2. 5-6-класстарда:– турмуш-тиричиликтин коопсуздугунун негиздери, этика боюнча темалар камтылган, интеграцияланган, "Адам жана коом" предмети окутулат;

– "Информатика" предмети жаңыдан жумасына бир саат менен киргизилет;

– "Технология" предмети жумасына бир саат менен киргизилет;

– 5-6-класстарда "Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөлүк тарых" интеграцияланган курсу;

Жалпы билим берүү уюмдарда менчигинин түрүнө карабастан окуу сабактар 1-сентябрда башталып, 25-майда аяктайт. Окуу жылынын созулушу эс алуу убакыттарын эсепке албаганда : 1-класста – 33 жума, 2-4-класстарда – 34 жума, 5-11-класстарда экзамендик мезгилди эске алуу менен – 34 жумадан 36га чейин.

Эс алуу мезгили **30 календардык күндөн** кем эмес.

Эс алуунун графиги:

**Күзгү – 8 күн: 2018-жылдын 5-ноябрынан 12-ноябрына чейин.**

**Кышкы – 12 күн: 2018-жылдын 31-декабрынан тартып 2019-жылдын 11-январына чейин.**

**Жазгы – 10 күн: 2019-жылдын 22-мартынан 31-мартына чейин.**

Мектеп компонентине №1 22.08.2018 ж пед кеңештин чечими менен тереңдетип окутуу үчүн информатика сабагы тандалды

**Эскертүү**: 10-11-класстарда класс комплект толбой калгандыгына байланыштуу класс жабылды.

# У.Мурзакматов атындагы орто мектебинин 1-баскыч башталгыч классынын 2018-2019-окуу жылы учун окуу планы

| | Билим берүү жааты | Сабактардын аталышы | Класстар боюнча апталык саатын саны | | | | жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1-кл | 2-кл | 3-кл | 4-кл | бардыгы |
| МАМЛЕКЕТТИК | Тилдик | Кыргыз тили | 6 | 7 | 7 | 7 | 27 |
| | | Орус тили | 3 | 3 | 3 | 3 | 12 |
| | | Чет тили | | | 2 | 2 | 4 |
| | Математика | Математика | 4 | 5 | 5 | 6 | 20 |
| | Табигый – илимдер | Мекен таануу | 1 | 1 | 1 | 1 | 4 |
| | Искусство | Музыка | 1 | 1 | 1 | 1 | 4 |
| | | Көркөм өнөр | 1 | 1 | 1 | 1 | 4 |
| | Социалдык | Адеп | 1 | 1 | 1 | 1 | 4 |
| | Ден соолук маданияты | Дене тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 | 8 |
| | | Турмуш тиричилик | 1 | 1 | 1 | 1 | 4 |
| | | Бардыгы: | 20 | 22 | 24 | 25 | 91 |

о

У.Мурзакматов атындагы орто мектебинин 2018-2019-окуу жылы үчүн базистик окуу планы

| | Билим берүү жааты | Сабактардын аталышы | Класстар боюнча апталык саатын саны | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1-кл | 2-кл | 3-кл | 4-кл | 5 кл | 6-кл | 7-кл | 8-кл | 9-кл |
| МАМЛЕКЕТТИК | Тилдик | Кыргыз тили | 6 | 7 | 7 | 7 | 4 | 4 | 3 | 3 | 2 |
| | | Орус тили | 3 | 3 | 3 | 3 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | | Чет тили | | | 2 | 2 | 5 | 4 | 2 | 2 | 2 |
| | Математика | Математика | 4 | 5 | 5 | 6 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| | Социалдык | Кыргызстан тарыхы дүйнө тарыхы | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | Адам жана коом | | | | | 1 | 1 | | | 2 |
| | | Адеп | | | | | | | 1 | 1 | |
| | Табигый – илимдер | Мекен таануу/ табият таануу | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | | | | |
| | | Физика | | | | | | | 2 | 2 | 2 |
| | | Биология | | | | | | 2 | 1 | 2 | 2 |
| | | Химия | | | | | | | | 2 | 2 |
| | | География | | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Технология | Технология (эмгек,чийме,дизайн) | | | | | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | | Информатика | | | | | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 |
| | Искусство | Музыка | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | | |
| | | Кыргыз адабият | | | | | 2 | 2 | 3 | 2 | 3 |
| | | Орус адабият | | | | | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 |
| | | Көркөм өнөр | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | | |
| | Ден соолук маданияты | Дене тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | Турмуш тиричилик | 1 | 1 | 1 | 1 | | | | | |
| | Мектеп компоненти | | | | | | Информ -1саат | | | | |

# У.Мурзакматов атындагы орто мектебинин 2-баскыч 5-9 класстарынын 2018-2019 –окуу жылы учун планы

| | **Билим беруу жааты** | **Сабактын аталышы** | **Класстар боюнча апталык саattардын саны** | | | | | **Жалпы бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | |
| МАМЛЕКЕТТИК | Тилдик | Кыргыз тили | 4 | 4 | 3 | 3 | 2 | 16 |
| | | Орус тили | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 8 |
| | | Чет тили | 5 | 4 | 2 | 2 | 2 | 15 |
| | Матем | матем | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 20 |
| | Табигыйи лимий | Табият таануу | 1 | | | | | 1 |
| | | Биология | | 2 | 1 | 2 | 2 | 7 |
| | | Химия | | | | 2 | 2 | 4 |
| | | Физика | | | 2 | 2 | 2 | 6 |
| | | география | | 2 | 2 | 2 | 2 | 8 |
| | Искусство | Кыргыз-адаб | 2 | 2 | 3 | 2 | 3 | 12 |
| | | Орус адаб | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 8 |
| | | Музыка | 1 | 1 | 1 | | | 3 |
| | | Көркөм өнөр | 1 | 1 | 1 | | | 3 |
| | Социалдык | Кырг.дүйнө тарыхы | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 10 |
| | | Жаран/коом | 1 | 1 | | | 2 | 4 |
| | | адеп | | | 1 | 1 | | 2 |
| | Ден-соол, маданият | Дене тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 10 |
| | Технологиялык | Технология (эмгек ,чийме жана дизайн) | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 5 |
| | | Информатика | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 | 6 |
| | Мектеп компоненти | Информатика | 1 | | | | | 1 |
| Бардыгы: | | | 29 | 30 | 30 | 30 | 30 | 149 |